УДК 372. 878

**Джакыпов К.К., Жумагазиева Мунара**
И. Арабаев ат. КМУнун КМББФнын деканы, п.и.к., доц.м.а.,
И. Арабаев ат. КМУнун көркөм маданият жана билим берүү факультетинин 2-курсунун магистранты
**Джакыпов К.К., Жумагазиева Мунара**
декан Факультета Художественной культуры и образования КГУ им. И. Арабаева, к.п.н., и.о. доцента,
магистрант 2 курса Факультета Художественной культуры и образования КГУ им. И. Арабаева
**K.K. Dzhakypov**, **Jumagazieva Munara**
Candidate of Pedagogical Sciences, Dean of the Faculty of Art Culture and Education of I. Arabayev KSU, Associate Professor
2nd year master's student of the Faculty of Art Culture and Education of I. Arabayev KSU

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МУЗЫКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН УЧУРДАГЫ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

# НЕКОТОРЫЕ АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ МУЗЫКАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# SOME CURRENT ISSUES OF MUSIC EDUCATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация:** макалада учурда өлкөбүз капталган руханий кризис, анын себептери жана андан чыгуунун кээ бир жолдору. Жалпы билим берүүчү орто мектептерде эстетикалык циклдагы сабактарды окутуу проблемасы, мамлекетибизде ага карата жасалган мамиле. КР Президенти С. Жапаровдун алгачкы жарлыгы жана аны турмушка ашырууга карата айрым сунуштар камтылды.

**Аннотация:** В статье описан нынешний духовный кризис в нашей стране, его причины и некоторые пути выхода из него. Проблема преподавания предметов эстетического цикла в общеобразовательных школах, отношение к ней в нашей стране. Включен первый Указ Президента Кыргызской Республики С. Жапарова и некоторые рекомендации по его реализации.

**Abstract:** The article describes the current spiritual crisis in our country, its causes and some ways out of it. The problem of teaching subjects of the aesthetic cycle in secondary schools, the attitude to it in our country. The first Decree of the President of the Kyrgyz Republic S. Japarov and some recommendations for its implementation are included.

**Түйүндүү сөздөр:** Музыкалык билим берүү, эстетикалык тарбия, музыкалык тарбия, музыка, музыкалык-эстетикалык маданият, инсан, билим берүү программасы

**Ключевые слова:** музыкальное образование, эстетическое воспитание, музыкальное образование, музыка, музыкально-эстетическая культура, личность, образовательная программа.

**Key words:** music education, aesthetic education, music education, music, music and aesthetic culture, personality, educational program.

Эстетикалык тарбия берүү адамзат маданиятынын өнүгүшү түздөн-түз көз каранды болгон негизги проблемалардын катарына кирет. Жалпыга белгилүү болгондой, эстетикалык тарбия берүүнүн өзөгү жана башкы каражаты болуп инсанга таасир берүүдө өзүнүн универсалдуулугу менен айырмаланган искусство саналат. Искусство системасында адамга комплекстүү таасир берүү мүмкүнчүлүгү менен музыка өзгөчө орунду ээлейт. Көп мезгилден бери топтолгон тажрыйба жана атайын изилдөөлөр музыка адамдын психикасына, физиологиясына өзгөчө таасир берерин көрсөттү. Ал жан дүйнөнү жай алдыруучу жана жан эргитүүчү ар кандай эмоцияларды тартуулайт. Буга байланыштуу, инсанга музыкалык тарбия берүүнүн маанилүүлүгү жөнүндөгү тыянактар, анын адамдагы жалпы психикалык сапаттарды (ой жүгүртүү, элестетүү, көңүл буруу, эс, эрк) өнүктүрүү үчүн, инсандын эмоционалдуулугун, жан дүйнөсүнүн сезимталдыгын, адеп-ахлактык-эстетикалык идеалдарын тарбиялоо үчүн маанилүүлүгү, тарбия берүү системасында белгиленип келет.

Ал эми инсандын музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу эстетикалык тарбия берүүнүн максаттарынын маанилүүлөрүнөн болот. Ошондуктан кеңири кругозорго жана эстетикалык маданиятка ээ болууга умтулган инсандын адамдык сапаттарын ар тараптан өнүктүрүү, руханий потенциалын, кесиптик компотенттүүлүгүн калыптандыруу, тарбия берүүнүн актуалдуу проблемаларынын бири катары каралат.

Элибиз эгемендүүлүккө жеткен XX кылымдын 90-жылдарынан баштап кайрадан улуттук каада-салт, адеп-ахлак, маданият, тарых, тили-дилибизге өз баасын берүүгө ыңгайлуу шарт түзүлдү. Бул багытта мамлекеттик деңгээлде программалар кабыл алынып, жаш муундарды тарбиялоо жана алдынкы билим-илимге умтулууга мезгил талабына ылайык иш чаралар көрүлүүдө. Мындай программаларды атай кетсек «1995-жылы кабыл алынган «XXI кылымдын кадрлары», 1996-жылы кабыл алынган улуттук билим берүүнүн негизги багыттарын белгилеген «Билим» программасы, 2003-жылдарда кабыл алынган «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, "Кыргыз Республикасында 2012-2020-жылдарда билим берүүнү өркүндөтүү концепциясы ж.б. мамлекеттик документтер. Мына ушул сыяктуу мыйзамдар, жоболор, концепциялардын кабыл алынып жаткандыгына карабастан Кыргыз Республикасындва көркөм билим берүүнүн акыбалы бир кыйла төмөндөп кеткен. Ага мисал катары мектептерде эстетикалык багыттагы сабактар: Башталгыч класстар 1-4-класстарда 1 сааттан берилип, аны башталгыч класстын мугалими окутуп, 5-7 клсccтар үчүн 1 сааттан 6-7-класстар үчүн көркөм өнөр сабагы менен биргеликте 1 саат бөлүнгөн. Ал эми кружок үчүн бөлүнгөн сааттар мектеп директорунун мамилесине карата тиешеси жок мугалимдерге кошумча саат катары бөлүнүп кеткен. Ошого байланыштуу жалпы билим берүүчү орто мектептерде эстетикалык циклдагы сабактар экинчи сорттогу сабактар катары арткы планга жылып, дээрлик окутулбай калган. Жыйынтыгында жан дүйнөсү жакыр, материалдык байлыктан башка кызыкчылыгы жок, өзүнчө муун өсүп чыкты. Алар мамлекеттик кызматтарга келүүсү менен өлкөдө коррупция системалык мүнөзгө айланып, элибиз руханий жана экономикалык кризиске капталды. Анын натыйжасы катары эгемендүүлүк жылдарында мамлекетибизде элдик толкундоолор байма-бай кайталанууда. Акыркы болуп өткөн 2020-жылдын октябрь айындагы толкундоолор да ушундай эле маселелердин бир көрүнүшү. Карапайым элдин социалдык маселелеринин чечилүүсү кечендеп, чегинен чыгып бараткандыгын коомчулук айткан менен бийликтеги атка минерлер көңүл бурбай калган көйгөйгө айланып келген эле.

Өлкөбүз үчүн чечилүүсү өтө зарыл маселе катары өзүнүн алгачкы жарлыктарынын бири кылып Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 2021-жылдын 29-

январында «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жарлыкка кол койду.

Президентибиз  бул багытта маселенин бышып жетилгенин билген жетекчи катары ички саясаттын эң маанилүү багытын — жогорку моралдык ченемдерди, каада-салттарды, салттуу болгон үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоону өздөштүрүү, Кыргызстан элдеринин маданияттарынын дөөлөтүн, кайталангыстыгын жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо багытында иш чараларды белгиледи. Аталган жарлыктын айрым пункттарын кайрыла кетсек:

— билим берүү системасында тарбия берүүнүн улуттук маданий, руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык келүүсүн; жарандарды жана биринчи кезекте балдарды, анын ичинде турмуштук оор кырдаалдагы балдарды дене-бою жагынан, психикалык, социалдык, руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылсын;

— билим берүүнүн окуу стандарттарын кайра карап чыксын жана окуучуларды жана окуу жайларынын студенттерине этика, эстетика жана дене тарбиясы боюнча предметтерди киргизсин;

— ар бир жарандын чыгармачыл жөндөмдөрүн ачуу жана өнүктүрүү, аны эмгекти сүйүүгө жана жогорку адеп-ахлактык принциптерге, инсандын өзүн-өзү жетилтүү жана өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн максималдуу жагымдуу шарттарды түзсүн;

Жарлыкта белгиленгендей учурда инсанды тарбиялоодогу жетилген көйгөйлөр мамлекеттик деңгээлде көңүл бурууга муктаж болуп тургандыгы жалпыга белгилүү. Ошонуктан бул багытта эмгектенген билим берүү жана маданият кызматкерлери менен катар көркөм билим берүү багытында иш алып барып жаткан биздин И. Арабаев ат. КМУнун көркөм маданият жана билим берүү факультетинин алдына да чоң милдеттерди койду.

Эстетикалык тарбия берүүнүн эң башкы максаты – инсанды сулуулуктун, кооздуктун мыйзамдары аркылуу тарбиялоо, биринчи кезекте баланын инсан болуп калыптануусуна  багыт берүү. Музыкалык-эстетикалык тарбия берүү баланын көркөм дүйнөгө болгон көз карашынын, башкача айтканда эстетикалык маданиятынын фундаменти болуп саналат.

Кыргыз Республикасында Жалпы билим берүүчу мектептер үчүн 2021-2022 –окуу жылына базистик окуу планы ( Кыргыз тилинде окутулуучу мектептер үчүн) эстетикалык циклдагы сабактар үчүн төмөндөгүдөй сааттардын бөлүнүүсү пландалууда.

| Класстар | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** | **11** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Технология | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | | |
| Көркөм өнөр\ Музыка | 4 | 4 | 4 | 4 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | | |

Сааттардын мындай бөлүнүүсүнө кошумча катары биз КР Билим берүү жана илим министрлигине башталгыч класстын музыка жана көркөм сүрөт сабактарынын сааттарын да адис мугалин окутуусу үчүн бөлүнүүсүн сунуштайт элек. Себеби бул сабактарды окутуу жогорку билимге кошумча өзгөчө талантты талап кылат. Ар бир эле башталгыч класстын мугалиминде мындай талант, жөндөмдүүлүк кездеше бербейт. Ошондуктан бул убакытка чейин аталган сабактар башталгыч класстын мугалими үчүн математика же эне тилинен кошумча сабак катары пайдаланылып келди. Жыйынтыгында 5-класстан музыкадан, сүрөттөн берген мугалимдер программага туура келбесе да окуучулар эч нерсе түшүнбөгөндүктөн биринчи класстын программасынан кайра баштоого аргасыз болуп

келишти. Мындан сырткары мектептер үчүн бөлүнгөн кружоктун сааттарын да музыка, технология, көркөм өнөр сабактарынын мугалимдерине ыңгайына карап бөлүштүрүү зарыл. Жарлыкта талап кылынгандай ар бир жаш муундун чыгармачылык жөндөмүн ачууга ошондо гана жагымдуу шарт түзүлөт. Мектептеги курак баланын инсан болуп калыптанышынын эң маанилүү мезгили болуп саналат. Бул учур балдардын ар нерсеге болгон кызыгуусун, чыгармачыл активдүүлүгүн эң алгачкы калыптандыруучу учуру болуп, анын андан ары умтулуусуна жол ачат.

Музыкалык тарбия берүү аркылуу б.а. музыка сабагы аркылуу баланын руханий жактан жана ошол эле мезгилде физиологиялык жактан өсүшүнө шарт түзүлөт, дагы да баланын көңүл буруусунда, эске тутуусунда, кабыл алуусунда чоң роль ойнойт. Бул сапаттар баланын калган сабактардан да жетишүүсүнө стимул болот.

Учурда Прибалтика мамлекеттеринде анын ичинде Эстонияда музыка сабагы жумасына 4 саат окутулат. Мындай талап балдардын математикадан билбей калат дегенди түшүндүрбөйт. Тескерисинче Эстонияда жакынкы эле жылдары эки жаш окумуштуусу математика боюнча Нобель сыйлыгына татыктуу болушту. Демек эстетикалык циклдагы сабактардын талапка ылайык окутулуусу жана аларды өтүүгө шарттын түзүлүүсү келечекте инсандарыбыздын жан дүйнөсү толук, ар тараптуу өнүккөн инсан болуп жетилүүсүнүн эң туура жолу.

В.А.Сухомлинский: «Китеп окууга жана музыкага кызыкпаган, аларга такыр көңүл бөлбөгөн балдардын рухий деңгээли төмөн болот, андай балдар арасында кылмыштуулуктун жогору болушунун ортосунда байланыш бар». Ал кылмыш ишине аралашкан, адам укуктарын бузган 460 өспүрүмдүн үй-бүлөсүн байкап, текшерип көргөн. Кылмыш канчалык оор, мыкаачы, адамгерчиликсиз, ырайымсыз болсо, андай үй-бүлөдө жашаган өспүрүмдөрдүн интеллектуалдык, эстетикалык, моралдык кызыгуу талаптары төмөн, жарды болгондугу, ошол үй-бүлөлөрдө китепканалардын жоктугу, ошондой эле музыкага кызыкпагандыгы,-деп белгилеп кеткен[3] .

Ал эми учурда коомдо түзүлгөн социалдык-экономикалык абал жаштардын жан дүйнөсүнүн деградацияланышына шарт түзүүдө. Негизинен ата-энелер балдардын тарбиясына кайдыгер мамиле жасай башташты. Эртеден кечке иш менен алек, же болбосо үй-бүлөсүн карыган ата-энесине таштап коюп өздөрү мигрант катары өлкөсүн таштап иш издеп кетишкен. Болгон аракетин үй-бүлөсүн, балдарын акчадан өксүтпөй салып туруууга жумшайт. Ошол шартта жетилген уул-кыздары келечекте кайсыл жолду тандап, кай жакка багыт алары алардын көпчүлүгүн кызыктырбайт. Балдар интернет, смартфондордон азгырыктуу сайттарга, группаларга кирип каалаган киносун көрүп көңүлүн ачып убактысын өткөрүүдө. Аларга көзөмөл кылуу метептин же социалдык кызматкерлердин көзөмөлүнөн сырт калат. Уккандары эч кандай табитти талап кылбаган түрдүү ритмдин кайталануусунда электрондук добуштардын коштоосунда адамдын психикасына өтө терс залака келтирүүчү музыка. Ошондуктан музыкалык тарбия берүүдө, көркөм билим берүү кызматкерлеринин алдында учурда батыштан каптап кирген массалык маданияттын залакасынан жаш өспүрүмдөрдү сактап калуу оор милдети турат. Көптөгөн окумуштууларыбыздын изилдөөлөрүнүн тыянактарына көңүл бурсак учурда эч кандай тоскоолдуксуз жайылып жаткан рок музыкаларынын зыяндуулугу тууралуу айныксыз далилдер келтирилген. Алардын айрымдарына токтолсок:

Оор рок музыканын үнү өсүмдүктүн өсүшүнө тоскоол болору, атүгүл соолуп калышына себеп болору, рок менен ирмеп жарыктанган нурдун таасири астына коюлган

аквариумда сүзүп жүргөн балыктар өлүп, суунун бетине калкып калышкандыгы, рок музыканын үнүн өтө бийик чыгарып койгон үйдөн чычкан, келемиш коркуп, качып кетишкендиктери жөнүндө мисалдар айтылат.

Жетинчи класстын окуучуларынын аң-сезими үч сааттык рок концерттен кийин көбөйтүүнүн жадыбалын эстей албаган абалга келээри аныкталган (Д.Элкин). Ал эми Токионун эң ири рок залында журналисттер угармандарга «сенин атың ким, сен каерде отурасың, азыр канчанчы жылда жашап жатабыз?» деген сыяктуу жөнөкөй суроолорго жооп бере албай калган абалга окуучулардын аң-сезими жеткендигин аныкташкан.

Рок залда өспүрүмдөрдүн аң-сезими эмне үчүн мындай абалга жетет? Немец окумуштуусу профессор Б.Раух бул суроого мындайча жооп берет: «Жаалдуу катуу чыңылдаган үн жаңырган чөйрөдө адамдын организми өзгөчө стресс гормондорун бөлүп чыгарат, ал мээде мурда жайгашкан маалыматтарды «тазалап» салат. Бул процесстен кийин ал маалыматтар кайра калыбына келбейт».

Азыркы рок топтор 20 миңден 30 миңге чейинки герц же андан төмөн диапазондо иштээри белгилүү. Дүйнө жүзүндө рок музыкадан адамдын эске тутуусу, музыкалык угуму (слух) жоготуу фактылары белгиленүүдө. Үндөн контузия (денеге доо кетип) алып, «күйгөндүгү» аныкталган.

Рок музыканын адамдын денесине, психикасына мындай бүлдүрүүчү күчү бар экендиги 1979-жылдан бери эле белгилүү. Венецияда рок концерт маалында жыгач көпүрө кулап түшкөн. Ал эми «Пинк Флойд» тобу Шотландияда концерт берип жаткан маалда да көпүрө кулап түшкөн. Ошол мезгилден бери батыштагы медициналык окумуштуулар фанат өспүрүмдөргө төмөнкүчө түшүндүрүшөт: «Мындай жыштыктагы ыгы жок үн, жарыктын бүлбүлдөп караңгыга алмашуусу байыркы сыйкырчылардын (магиянын) коомунан алынган, аны аягынан башына тескери иретте ойношот. Мунун адамдын психикасына бүлдүрүүчү таасири бар[1].

Жыйынтыктап айтарыбыз, музыкалык билим берүү – окуучуда музыкага карата эмоциялык сезимталдыкты, анын мазмунун түшүнүү жана терең толгонууну, музыкалык сабаттуулуктун негиздерин, музыкалык тилди түшүнүүнү максатка багытталган системалуу түрдө тарбиялоо. Мындан сырткары, музыкалык билим берүү бул – музыкалык ишмердүүлүктүн коомдук-тарыхый тажрыйбасын жаңы муунга берүү процесси, Кыргыз элинин музыкасын терең сыйлоого тарбиялоо жана бирге жашаган түрдүү элдердин жана муундардын музыкасына толеранттуу мамиле кылууга тарбиялоо. Негизги мектепте - окуучулардын музыкалык маданиятынын калыптануу мезгилинде – музыкалык образга жетүүгө, музыканын адептик-эстетикалык кудуретине, музыкалык-таанып билүүчүлүк жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө, балдардын дүйнөлүк музыкалык искусствонун бийик жетишкендиктерине кызыгуусун жогорулатууга, заманбап музыкалык тилдин (язык) өзгөчөлүктөрүн аңдап-билүүгө, музыканын тарыхы, көркөм адабият, сүрөт искусствосу менен кеңири жана терең байланышын аңдап түшүнүүгө жана анын негизинде сезип-туюу маданияты менен эстетикалык табитин (анын ичинде азыркы массалык заманбап музыкага) өнүктүрүүгө көңүл бөлүнүп, басым коюлушу зарыл. Компьютердик техниканы, электрондук-музыкалык аспаптарды колдонуп, музыка менен баарлашуунун заманбап ыкмаларына да олуттуу көңүл буруу керек

Окумуштуулар белгилегендей музыка, бир жагынан, адамдын өзүн өзү, өзүнүн ички дүйнөсүн, экинчи жагынан, курчап турган дүйнөнү таанып-билүү каражаттарынын бири болуп саналат. Ошондуктан көркөм билим берүү мугалимдери, маданият кызматкерлери

биргелешип, музыкалык тарбиянын потенциалын туура пайдалануу менен келечекте Кыргызстандын инсандарын ар тараптуу өнүккөн, коррупцияга малынбаган, илим-билимди туу туткан өз элинин патриот уул-кыздары болуп чыгуусу үчүн бардык күч аракетти жумшоого учур келди.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Дэвид Элкинд – «Торопливый ребенок» (издание к 25-летию), мягкая обложка - Deluxe Edition, 26 декабря 2006 г. (электоронная версия)
2. Музыка предмети боюнча окуу программасы / Орто мектептин башталгыч класстары үчүн (1-4)үчүн. – Бишкек, 2014.
3. Сухомлинский, В.А. О воспитании [Текст] / В.А. Сухомлинский. –М., 1975. – 38 с.
4. КР Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жарлыгы. 2021-жылдын 29-январь.


**Рецензент: КР маданиятына эмгек синирген ишмер, проф. м.а. Артыков К.**